ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО
9-АПРЕЛЬ 2023

# 2023-жылдын 9.04 дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын отчету

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү каржылык камсыз кылуунун укуктук негиздери

- «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы № 98 Мыйзамы (1-гл., 14-бер.);
- «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (6-гл., 25-бер.)
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобо (КР БШКнын 2020-жылдын 26-июнундагы № 114 токтому);
- 2016-жылдын 16-майындагы № 59 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын тутумуна кирген башка ченемдик укуктук актылар;

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун финансылык негиздери

- Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларынын чыгымдары  республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.
- Шайлоо комиссиялары жылга жана пландык мезгилге республикалык бюджет жөнүндө КР Мыйзамында белгиленген шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдарды Бобордук шайлоо комиссиясы бекиткен чыгашалардын сметасына ылайык ишке ашырат.
- Чыгашалардын сметасы шайлоо процессинин бардык деңгээлинде (БШК, АШК, УШК) шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон чыгашалардын бардык топторун пландаштыруу үчүн иштелип чыккан КР ченемдик укуктук актыларында белгиленген  нормаларды, коэффициенттерди, лимиттерди, ставкаларды эске алуу менен түзүлөт.

# 14 жергиликтүү айылдык кенештердин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасы

АШК саны - 9
АШК мүчөлөрүнүн саны - 110
УШК саны-52
УШК мүчөлөрүнүн саны-651
УШК ишке тартылган операторлордун саны - 27
ГТП саны – 25
ИИМ кызматерлери - 122

| Чыгашалардын аталышы | Бекитилген смета | | | Иш жүзүндөгү чыгашалар | | | Пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | БАРДЫГЫ | КР БШК | АШК | БАРДЫГЫ | КР БШК | АШК | БАРДЫГЫ | КР БШК | АШК |
| **БАРДЫГЫ:** | **18 951 000** | **12 082 000** | **6 869 000** | **17 662 472** | **10 925 167** | **6 737 305** | **1 288 528** | **1 156 833** | **131 695** |
| Эмгек акы | **8 707 200** | 5 357 200 | 3 350 000 | **8 404 841** | 5 071 452 | 3 333 389 | **302 359** | 285 748 | 16 611 |
| Соцфондго чегерүүлөр | **1 502 100** | 924 100 | 578 000 | **1 441 633** | 868 757 | 572 876 | **60 467** | 55 343 | 5 124 |
| Кызматтык иш сапарына чыгымдар | **1 687 600** | 1 500 000 | 187 600 | **1 687 600** | 1 500 000 | 187 600 | **0** | 0 | 0 |
| Байланыш кызматы | **200 000** | 200 000 | 0 | **199 130** | 199 130 | 0 | **870** | 870 | 0 |
| Транспорттук чыгмдар | **436 800** | 108 000 | 328 800 | **432 000** | 106 200 | 325 800 | **4 800** | 1 800 | 3 000 |
| Башка чыгымдар | **5 992 300** | 3 567 700 | 2 424 600 | **5 171 925** | 2 854 285 | 2 317 640 | **820 375** | 713 415 | 106 960 |
| Учурдагы чарбалык максаттарга буюм-тайымдарды жана материалдарды сатып алуу | **425 000** | 425 000 | 0 | **319 275** | 319 275 | | **105 725** | 105 725 | |

**Маалымат иретинде:** **1.** Шайлоочуга чыгашалардын суммасы 245,28 сом. (Бардык чыгашалар 17 662,5 сом/шайлоочулардын санына 72009 адам =245,28 сом).

**2.** Окутууну өткөрүүгө керектөө, биометрикалык идентификациялоо операторлорунун транспорттук чыгымдары, ошондой эле АШК жана УШК мүчөлөрү үчүн чыгымдар БШКнын бекитилген чыгашалар сметасына киргизилген. Тийиштүү акча каражаттары БШКнын жеке эсебинен КР казначылыгынын системасы аркылуу АШКнын жеке эсебине которулат жана андан ары УШК ортосунда бөлүштүрүлөт.

# Контролдоо

- Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын максаттуу чыгымдоону көзөмөлдөө үчүн шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө **БШКнын алдында көзөмөлдөө-текшерүү тобу (КТТ)** түзүлөт.
- КТТНЫН уюштуруу жана иштөө тартибин БШК белгилейт *(БШКнын алдында көзөмөлдөө-текшерүү тобунун иши жөнүндө жобо БШКнын 2017-жылдын 14-июнундагы № 157 токтому менен бектилген)*

## Шайлоолорду өткөрүүдө чыгашалардын сметасын түзүүнүн жана аткарылышынын ачык-айкындыгы

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө бекитилген *чыгашалардын сметасы*, ошондой эле *республикалык бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жөнүндө финасылык отчет* мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына http://shailoo.gov.kg милдеттүү тартипте жарыяланат.